www.manas.edu.kg

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
Айыл чарба факультети факультети
Мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү бөлүмү
Курстун программасы

Курстун коду	Курстун аты (Кыргызча)	Курстун аты (Түркчө)	Семестр	Апталык саат	Кредит	ECTS
BKO-104	ТОПУРАК ТААНУУ (КУРСТУК ИШ)	TOPRAK BİLİMİ (YARIYIL ÖDEVİ DAHİL)	2	2 + 4	4	6

Курстун деңгээли	Бакалавр
Курстун түрү	Талаптуу
Курстун мугалими	Доц.док. Эрмек Байбагышев
Курстун тили	Кыргызча
Жардамчылар	Doç.Dr. Ermek BAYBAGIŞEV
Аудитория	203
Курстун максаты	Келечектеги айыл чарба адистери – агрономдорго – топурак таануунун негиздери боюнча, айыл чарба өндүрүшүн интенсификациялоо учурунда топурак изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын колдонуу боюнча, ошондой эле, жер жана топурак ресурстарын толук рационалдуу колдонуу боюнча, топурактын күрдүүлүгүн жогорулатуу жана сактоо боюнча билим берүү болуп эсептелет.

Колдонулуучу адабияттар		
	Колдонулуучу адабияттар	**Адабияттын түрү**
1	Почвоведение. Под ред. Кауричева И.С. Москва, Агропромиздат. 1989.	Китеп
2	Карабаев Н.А. Топурак таануу: Окуу китеби. - Бишкек. 2017.	Китеп
3	Байбагышов Э.М. Топуракты эксперименттер аркылуу изилдөө жана баалоо: Колдонмо. – Бишкек. 2019.	Китеп
4	. Почвы Киргизской ССР. Фрунзе. Илим. 1974.	Китеп
5	Мамытов А.М. Русско-кыргызский словарь терминов по почвоведению. – Бишкеке, 2017.	Китеп
6	Мамонтов В.Г. и др. Общее почвоведение: учебник. Москва. Колос. 2006.	Китеп

Жетишилчү жыйынтыктар	
1	Заманбап айыл чарба адистери, өзгөчө, агрономдор, фермер, дыйкандар же жөн эле жер ээлери айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүдө топурактарды илимий негизде туура колдоно билүүгө тийиш. Ушундан улам топурактарды пайдаланууунун теориялык жана практикалык негиздерин жана которуштуруп эгүү системасын, топурактардын түрүн, классификациясын, биологиялык, физикалык жана химиялык касиеттерин билүү, аларды жакшыртуу ыкмаларын тыкандык менен өздөштүрө билүү зарылчылыгы келип чыгат.
2	Дыйканчылыкты илимий негизде, ар түрдүү топурак климаттык шартта жүргүзүү үчүн студенттер башка предметтер менен катар агрохимиянын теориялык негиздери жана топурактарды туруктуу пайдалануу (биогумусту, компосту колдонуу ыкмалары, даярдоо технологиясы) боюнча терең билим алышат. Окуу процессинин жүрүшүндө окуу жана технологиялык практикада болуу менен теориялык билимдерин практика менен айкалыштырышат.

Курстун планы	
Апта	**Темасы**
1. Апта	А) Кириш сөз. Топурак таануу сабагы жана тапшырмалары. Б) Топурак таануу илиминин өнүгүү тарыхы.
2. Апта	А) Топурак таануу лабораторияларда иштөөдөгү негизги талаптар жана техникалык коопсуздук. Б) Топурактын пайда болуусу кандайча жүрөт?
3. Апта	А) Топурактын күрдүүлүгү. Б) Топурактын адам баласынын жашоосундагы орду.
4. Апта	А) Топурактын классификациясы. Б) Кыргызстандын топурак-климаттык шарттары.

Курстун планы	
5. Апта	А) Кыргызстандагы жерди пайдалануу системасы. Б) Топурак - азык элементтердин негизги булагы.
6. Апта	А) Топурактын курамы. Топуракты химиялык мелиорациялоо. Өсүмдүктөрдүн топурак реакциясына мамилеси. Б) Топурактын сиңирип алуу жөндөмдүүлүгү, анын түрлөрү.
7. Апта	А) Топурак реакциясы, кычкылдуулук деңгээли, анын негиздер менен каныгуу даражасы. Б) Топурак үлгүсүн талаадан алуу.
8. Апта	А) Ара сынак. Б) Топурактын профили, анын түзүлүшү жана морфологиялык сырткы белгилери.
9. Апта	А) Топурактын физикалык каситеттери: тыгыздыгы, бөштугу, нымдуулугу, өңү/түсү. Б) Топурактын структурасы. Топурактын механикалык курамы.
10. Апта	А) Топурактын биологиялык касиеттери: топурактагы тирүү организмдер. Б) Топуракта тамырлардын өөрчүшү.
11. Апта	А) Топурактын химиялык касиеттери: топурактын кычкылдуулугун аныктоо. Б) Гумус жана анын мааниси. Топуракта азык-заттардын камтылышы.
12. Апта	А) Топурактагы карбонаттардын камтылышы. Б)Топурактагы туздардын камтылышы.
13. Апта	А) Топурактардын эрозиясын талаада баалоо. Б) Тоолуу аймактарда топурактарды жакшыртуунун жолдору.
14. Апта	А) Которуштуруп эгүү системасынын топуракты жакшыртуудагы мааниси. Б) Топурак бонитировкасы. Топурактын абалын талаада баалоо.
15. Апта	А) Топурактын экологиясы. Топурактын күрдүүлүгүн жогорулатууда биогумустун мааниси. Б) Компостун мааниси, аны даярдоонун технологиясы.
16. Апта	А) Топурак-маалымат системасы. Б) Финалдык сынак

Баалоо			
Баалоо каражаты	**Саны (даана)**	**Үлүшү (%)**	**Жалпы үлүшү**
Арасынак	1	40	**40**
Финал сынагы	1	60	**60**